КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ
КАРАШТУУ
ЖАРАНДЫК АВИАЦИЯ
МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ

ГОСУДАРСТВЕННОЕ
АГЕНТСТВО ГРАЖДАНСКОЙ
АВИАЦИИ
ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2025-ж. 10-декабрь № 11

Бишкек ш.
г. Бишкек

**«Кыргыз Республикасынын аба кемесинин эксплуатантынын тастыктамасын берүү боюнча колдонмого өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө» токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын калкынын коопсуз аба каттамдарына болгон муктаждыгын камсыздоо, жарандык авиация тармагындагы эл аралык принциптерди жана стандарттарды киргизүү максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 4-ноябрындагы № 315 Жарлыгын аткаруу, улуттук авиациялык тутумду чыңдоо, анын ачык-айкындыгын, ишенимдүүлүгүн жана эл аралык талаптарга шайкештигин жогорулатуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин 2025-жылдын 14-ноябрындагы № 8 буйругу менен киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин 2023-жылдын 16-февралындагы № 130/б буйругу менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын аба кемесинин эксплуатантынын тастыктамасын берүү боюнча колдонмосуна» төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) "Киришүү" бөлүмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Бул Кыргыз Республикасында аба кемелеринин тастыктамасын берүү боюнча Колдонмо (мындан ары – Колдонмо) Кыргыз Республикасынын авиациялык эрежелеринин (КРАЭ) талаптарына жана Эл аралык жарандык авиация уюмунун (ИКАО) эл аралык стандарттарына ылайык иштелип чыккан.

Бул колдонмонун максаты – аба кемелеринин эксплуатанттарынын тастыктамаларын (ЭТ) жана тиешелүү эксплуатациялык спецификацияларды берүү боюнча бирдиктүү тартипти аныктоо. Бул колдонмо Жарандык авиация органынын (ЖАО) инспекторлоруна, аба кемелеринин эксплуатанттарына жана ошондой эле, башка кызыкдар тараптарга керектүү документтерди даярдоо жана тапшыруу жана шайкештикти баалоо жол жоболорун жүргүзүү жана эксплуатациялык талаптарды аткаруу боюнча так жана туруктуу көрсөтмөлөрдү берет.

Бул колдонмонун колдонулушу учуулар коопсуздугун жогорулатууга, эксплуатанттардын улуттук мыйзамдардын талаптарына жана эл аралык авиациялык стандарттарына шайкештигин камсыз кылууга, жана ошондой эле эксплуатанттар менен Кыргыз Республикасынын Жарандык авиация органынын ортосундагы эффективдүү өз ара аракеттешүүсүнө багытталган.

Бул колдонмодо көрсөтүлгөн бардык жол-жоболор ЖАО инспекторлору үчүн тастыктамалоо жол-жоболорун жүргүзүүдө колдонууга милдеттүү жана эксплуатанттар үчүн Кыргыз Республикасынын аймагында жана андан тышкары жерлерде аба кемелерин тастыктамалоого даярдоодо жана кийинки эксплуатациялоодо негизги колдонмо катары кызмат кылуусу керек.»;

2) 1-главанын 1-пункту төмөнкүдөй абзацтар менен толукталсын:

- «кызматтык позициясы» бул учуу коопсуздугун камсыз кылуу үчүн жооптуу арыз ээсинин/эксплуатанттын башкаруучу (башкаруучу) персоналынын ичинен кызматтык штаттык бирдик;

- «куратор» – арыз ээси/эксплуатант менен өз ара аракеттенүүнү координациялоо жана авиациялык мыйзам талаптарына ылайык анын тастыктамалоо процесстерин коштоо (колдоо) үчүн дайындалган, Жарандык Авиация Органынын (ЖАО) ыйгарым укуктуу инспектору.

- «Жарандык авиация органы» – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык Авиация мамлекеттик агенттиги.

- «арыз ээси/эксплуатант» – арыз берип жаткан жана эксплуатант тастыктамасын алууга талапкер болуп жаткан жеке жак (адам), уюм же ишкана;

3) 4-пунктта «эксплуатациялык мүнөздөмөлөрү» деген сөздөр «эксплуатациялык спецификациялары» деген сөздөр менен алмашытырлсын;

4) 9-пункт «арыз ээси» деген сөздөрдөн кийин «эксплуатант тастыктамасын алууга» деген сөздөр менен толукталсын;

5) 12- пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«12. Алдын ала арыз, арыз ээсинин укуктук абалы жана финансылык-экономикалык абалы тууралуу жалпы маалыматтарды камтыйт, бул маалыматтар таанышуу үчүн берилет; алардын толук баалоосу тастыктамалоонун III этабында жүргүзүлөт.»

6) 13-пункттагы «өз ара аракеттенүүсү» деген сөздөрдөн кийин «жүрүү» деген сөздөр менен толуктасын;

7) 17- пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«17. Жүргүзүлгөн жолугушуулардан жана жыйындардан кийин ЖАОнун тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү төмөнкүлөрдү сунуштайт:

- тастыктамалоого даярдык көрүү боюнча зарыл болгон иш-чараларды жүргүзүп, ушул Колдонмонун 88–91-пункттарында көрсөтүлгөн мөөнөттөрдү эске алуу менен кийинки алдын ала кеңешменин датасын белгилешет, же болбосо ЖАОнун тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрдүн өкүлдөрү же арыз ээси/эксплуатант арыз ээсинин тастыктамалоо жол жобосуна (процедурасына) даяр эместиги жөнүндө пикирде болушкан учурда, арыз ээсине өз ниеттерин өзгөртүүнү жана/же тастыктамалоого алдын ала арызды кайрадан берүүнү сунуштай алышат;

- Эгер ЖАОнун тастыктамалоо боюнча тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү алдын ала арызда берилген маалыматты канааттандырарлык деп таап, арыз ээси/эксплуатант тастыктамалоо процесси жана тастыктамалык талаптар боюнча так түшүнүккө ээ деп эсептесе, керектүү негизги документациянын талап кылынган тизмесин камтыган расмий арыз даярдап, ЖАОго жөнөтүү.»;

8) 18- пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«18. Комиссия мүчөлөрүнүн отчеттору түрүндө берилген оң корутунду, арыз ээси/эксплуатант менен болгон жыйналыштын протоколу/дору, алдын ала жыйналыштарды өткөрүү боюнча контролдук карталар, документтердин канааттандырарлык баасы, I маалыматтык этап боюнча иш-чараларды текшерүү боюнча толтурулган контролдук карта, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аба мыйзамдарынын бардык талаптарын жана тастыктамалоо жол-жоболорун түшүнгөндүгү тууралуу арыз ээси/эксплуатанттын каты, тастыктамалоонун II этабына өтүүгө негиз болуп саналат.»;

9) 21-пунктта « 6-тиркемеси» деген сөздөрдүн алдында «4,» деген сан менен толуктасын;

10) 27-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«27.Тастыктамалоонун III этабында ЖАО арыз ээси/эксплуатанттын башкаруучу персоналындагы кызматкерлерди «Арыз ээси/эксплуатанттын башкаруучу персоналындагы штаттык кызматкерлерди макулдашуу боюнча көрсөтмө» SCAA-OPS-GM-49 боюнча макулдашат. Ошондой эле ушул этапта ЖАО арыз ээси/эксплуатанттын укуктук жана финансылык-экономикалык абалын баалап, анын аба кемелерин коопсуз эксплуатациялоого, билдирилген маршруттарды аткарууга, ишмердүүлүктүн туруктуулугун камсыз кылууга, квалификациялуу персоналдын бар болушуна жана коомдук кызыкчылыктарга жооп берген тейлөө деңгээлине жөндөмдүүлүгүн тастыктайт. Баалоо ушул Колдонмонун 4 жана 5-тиркемелеринде көрсөтүлгөн документтердин негизинде жүргүзүлөт. Мындан тышкары, ЖАО арыз ээси даярдаган

негизги жана зарыл документацияны комплекстүү экспертиза кылып, анын эксплуатанттын тастыктамасын алууга даяр экенин текшерет жана экспертизанын жыйынтыгы боюнча арыз ээси/эксплуатантты Кыргыз Республикасынын аба мыйзамдарынын жана ушул Колдонмонун талаптарына ылайык келгендиги тууралуу маалымдайт.»;

11) 30-пунктта «адистер» деген сөз «инспекторлор» деген сөзгө алмаштырылсын;

12) 36-пункттун 9-пунктчасынан (подпункт) кийин төмөнкүдөй мазмундагы $9^1$ -пунктча (подпункт) менен толукталсын:

«$9^1$. «Кооптуу жүктөр:

- «Кооптуу жүктөр боюнча тастыктамалоо жол жоболору боюнча нускама» SCAA-OPS-GM-46;
- «Кооптуу жүктөр боюнча көзөмөл жүргүзүү жол жоболору боюнча нускама» SCAA-OPS-GM-43.»;

13) 37-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“37. Инспекциялык текшерүү ушул этапта арыз ээси менен макулдашылган Тастыктамалоонун IV этабынын графигине ылайык жүргүзүлөт жана анда төмөндө көрсөтүлгөн арыз ээсинин ишмердүүлүгүнүн, жок дегенде, төмөнкү аспектилери текшерилет:

– Ишти уюштуруу жана башкаруу (администрациялоо);
– Учуу ишин уюштуруу (учууларды аткаруу);
– Учууга жарамдуулукту колдоо;
– Аба кемелерин техникалык тейлөө (эгерде өзүнүн техникалык тейлөө уюмуна ээ болуу каралса);
– Аба кемелерин жерде тейлөө;
– Эксплуатациялык контролдоо;
– Авиациялык персоналды кесиптик даярдоо;
– Учуу коопсуздугун башкаруу системасы жана сапатты камсыздоо системасы;
– Кооптуу жүктөрдү ташуу;
– Авиациялык коопсуздук;
– Учуу эксплуатациясы, учууга жарамдуулук жана авиациялык коопсуздук аспекттери боюнча аба кемелерин перрондо текшерүү;
– Демонстрациялык учуулар; (бир же бир нече демонстрациялык учууларды өткөрүү, коммерциялык учуулардын мисалында бекитилген стандарттык жол-жоболорго ылайык аткарылат).”;

14) $50^2$-пунктунда “күбөлүгүнө” сөзү “тастыктамасына” деген сөзгө алмаштырылсын, “күбөлүккө” деген сөз “тастыктамага” деген сөзгө алмаштырылсын;

15) 62-пункттунда «сапатты башкаруу системасын ишке ашырууну камсыз кылуу» деген сөздөр «сапатты башкаруу системасын ишке ашыруу» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

16) 64-пункттунда “сертификатына” сөзү “тастыктамасына” деген сөзгө алмаштырылсын:

17) 71-пункттагы «алдын ала» деген сөз «расмий» деген сөз менен алмаштырылсын;

18) 74-пункттагы «арыз ээси» деген сөздөн кийин «эксплуатант» деген сөз менен толукталсын

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин 2023-жылдын 16-февралындагы № 130/б буйругу менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын аба кемесинин эксплуатантынын тастыктамасын берүү боюнча колдонмонун» 2-тиркемесине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-Тиркеменин 48-пунктундагы "РОНО" сөзүн "Учуу иштери жүргүзүү боюнча Колдонмо" же башка Колдонмо" сөзү менен алмаштырылсын;

2) 2-Тиркеменин 51-пунктундагы "РОНО" сөзүн "Учуу иштери жүргүзүү боюнча Колдонмо" же башка Колдонмо" сөзү менен алмаштырылсын:

3) 2-Тиркеменин 52-пунктундагы "РОНО" сөзүн "Учуу иштери жүргүзүү боюнча Колдонмо" же башка Колдонмо" сөзү менен алмаштырылсын:

4) 2-Тиркеменин 64-пунктундагы «учуу өндүрүшүнө мониторинг жүргүзүү жана мониторинг жүргүзүү (учууну камсыздоо боюнча кызматкерлер)» деген абзацтан кийин төмөнкү абзац менен толукталсын:

Дайындалган кызмат адамдары төмөнкүлөргө ээ болууга тийиш:

1) Авиациялык коопсуздук стандарттарын жана коопсуз эксплуатациялоо методдорун колдонууда практикалык тажрыйба жана компетенттүүлүк:

2) ар тараптуу билимдер:

- учуу коопсуздугунун эрежелери жана мамлекеттин бардык тиешелүү талаптары жана жол-жоболору;

- эксплуатанттын эксплуатациялык өзгөчөлүктөрү;

- эксплуатанттын Учууларды аткаруу боюнча колдонмонун тиешелүү бөлүмдөрүнүн зарылчылыгы жана мазмуну.

3) Авиация тармагында башкаруу системасынын иштөө принциптерин билүү, артыкчылыктуу.

4) Тийиштүү башкаруучулук тажрыйбанын болушу, мүмкүн болсо окшош уюмда.

5) Тийиштүү кесиптик тажрыйбасы keминде 5 жыл болушу, анын ичинде жок дегенде 1 жылы — авиация тармагында тиешелүү кызматта.

5) 2-Тиркеменин 66-пунктундагы «жетекчилик же башка кызматтык ордун сөзү «жооптуу жетекчи же башка кызматтык ордуна карабастан» сөзү менен алмаштырылсын ;

6) 2-тиркеменин 67-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«67. Аба кемесинин учуу эксплуатациясы боюнча Колдонмосу:

– аба транспорту эксплуатациясы тармагында жогорку же атайын авиациялык билимге ээ болуу;

- Эксплуатанттын аба кемесинин түрүнө карата уруксаты (допуску) бар, Кыргыз Республикасынын жарандык авиациясынын линиялык учкучунун колдонуудагы күбөлүгүнүн, же эксплуатанттын аба кемесинин түрүнө мурда берилген квалификациялык белгинин болушу;

Эгерде дайындалган адамдын күбөлүгү жана квалификациялык белгилери учурда жараксыз болсо, анын орун басары эксплуатанттын аба кемесинин түрүнө карата уруксаты (допуску) жана тиешелүү квалификациялык белгилери бар, колдонуудагы учкучтун күбөлүгүнө ээ болууга тийиш.

– жарандык авиацияда аба кемесинин командири (КВС) катары кеминде 5 жылдык иш тажрыйбасы;

– жетекчилик же инструктордук тажрыйба артыкчылык болуп эсептелет;

– Жарандык авиация органы тарабынан жүргүзүлгөн маектен ийгиликтүү өтүп, Кыргыз Республикасынын жарандык авиациясына тиешелүү аба мыйзамдарын жана жетекчилик документтерди билүү;

– жашы кеминде 25 жаш;

– Кыргыз Республикасынын жараны болуу артыкчылык болуп эсептелет.»;

7) 2-тиркеменин 68-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«68. Аба кемесинин техникалык эксплуатация боюнча жетекчи:

– төмөнкү адистиктердин биринде жогорку техникалык билимге ээ болуу:

– учуучу аппараттарды жана авиациялык кыймылдаткычтарды техникалык эксплуатациялоо жана конструкциялоо;

– техникалык эксплуатация, же авиациялык жабдыктар жана учуучу аппараттардын электро жабдууларын, пилотаж-навигациялык комплекстерди, аба кемелеринин борттук радиоэлектрондук жабдууларын конструкциялоо;

– орто-атайын техникалык билимге ээ болуу (Жарандык авиациянын авиациялык техникуму же Аскердик аба күчтөрүнүн авиациялык техникуму) жана андан кийин башка техникалык ЖОЖдордо жогорку билим алуу;

– Эксплуатанттын аба кемесинин түрүнө карата уруксаты (допуску) бар, жарандык авиациянын инженеринин колдонуудагы күбөлүгүнүн болушу;

– аба кемелерин техникалык пайдалануу жана учууга жарамдуулугун колдоо тармагында кеминде 5 жылдык практикалык тажрыйбанын болушу;

– Аба кемелеринин учууга жарамдуулугун колдоо жаатындагы КРАЭ-8, Жарандык авиация органынын жетектөөчү документтеринин жана башка документтер боюнча ар тараптуу билими;

– Жарандык авиация органы тарабынан жүргүзүлгөн маектен ийгиликтүү өтүп, эксплуатанттык аба кемелеринин

түрлөрү/компоненттери жана агрегаттары боюнча техникалык тейлөө системаларынын, ыкмаларынын, ошондой эле техникалык тейлөө программаларын иштеп чыгуу тажрыйбасын билүү;

– жашы кеминде 23 жаш;

– Кыргыз Республикасынын жараны болуу артыкчылык болуп эсептелет.»;

8) 2-тиркеменин 69-пунктунда «учуу курамында, АВД диспетчери же инженер катары иш тажрыйбасы артыкчылык болуп эсептелет» деген абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

“ - жарандык авиацияда өз адистиги боюнча 1 жылдан кем эмес иш стажы же 6 айдан кем эмес УКБС (учуу коопсуздугун башкаруу системасы) боюнча стажировкадан өтүү;”

9) 2-тиркеменин 70-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«70. Сапатты камсыздоо системасы боюнча менеджер:

– жогорку/орто-атайын авиациялык билимге же каалаган профилдеги жогорку/орто-атайын билимге ээ болуу, бирок жарандык авиация чөйрөсүндө кеминде 5 жылдык иш тажрыйбасы болушу керек;

– сапатты башкаруу системасы, аудит жүргүзүү методикасы жана негизги себептерди аныктоо боюнча актуалдуу сертификаттар;

– жарандык авиацияда өз адистиги боюнча 1 жылдан кем эмес иш стажы же сапатты башкаруу системасы боюнча 6 айдан кем эмес стажировкадан өтүү;

– Сапатты камсыздоо системасы боюнча кеминде 1 жылдык иш тажрыйбасы же сапатты камсыздоо системасы боюнча кеминде 6 айлык стажировкадан өткөндүгү;

– Жарандык авиация органы тарабынан жүргүзүлгөн маектен ийгиликтүү өтүп, Кыргыз Республикасынын жетекчилик документтерин жана сапатты башкаруу жаатындагы документтерди толук билүү;

– жашы кеминде 21 жаш;

– Кыргыз Республикасынын жараны болуу»;

10) 2-тиркеменин 71-пунктундагы “ - аба транспорту эксплуатациясы тармагында орто-атайын авиациялык билимге же каалаган профилдеги орто-атайын билимге ээ болуу, бирок жарандык авиация чөйрөсүндө кеминде 5 жылдык тажрыйба болушу керек” деген абзацтан кийин төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын;

– Кыргыз Республикасынын жарандык авиациясынын линиялык учкучунун колдонуудагы күбөлүгүнүн болушу;

– эксплуатанттын аба кемесинин түрүнө карата инструктордук колдонуудагы белгинин (отметканын) болушу;

Эгерде дайындалган адам пайдалануучунун аба кемесинин түрү боюнча колдонуудагы инструктор болуп саналбаса, анын орун басары пайдалануучунун аба кемесинин түрү боюнча колдонуудагы инструктор болууга тийиш;

- эксплуатанттын учуучу персоналды даярдоо концепциясы боюнча терең билимге ээ болуу;

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин 2023-жылдын 16-февралындагы № 130/б буйругу менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын аба кемесинин эксплуатантынын тастыктамасын берүү боюнча колдонмонун» 4-тиркемесине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 4-тиркеме төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

1. Эксплуатанттын тастыктамасын алууда

Арыз берүүчүнүн укуктук статусун баалоо арыз жана ал тарабынан ЖАОга берилген документтерге негизделет. Укуктук статуска баа берүүдө Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин сайтында юридикалык жак катары бирдиктүү укуктук базада каттоонун тууралыгын текшерүү зарыл. Арыз ээсинин бардык документтери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келүүгө тийиш жана жарандык авиация органынын кароосуна уставдык документтерге ылайык уюмдун башкы директорунун же аны алмаштыруучу жактын колу коюлган документтердин номурланган жана тийиштүү түрдө күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү берилет.

2. Тастыктамалоонун биринчи этабында арыз ээси/эксплуатант тастыктамалоо процессин баштоо үчүн алдын ала документтерди берет:

– юридикалык жакты түзүү жана башкы директорду дайындоо жөнүндө Чечимдин көчүрмөсү;

– юридикалык жактын негиздөөчүсү же негиздөөчүлөрүнүн паспортунун көчүрмөсү;

– башкы директордун паспортунун көчүрмөсү;

– юридикалык жактын ИНН жана ОКПО берилген мамлекеттик каттоодон (кайра каттоодон) өткөндүгү жөнүндө Күбөлүктүн көчүрмөсү;

– юридикалык жактын Уставынын көчүрмөсү;

– юридикалык жактын Негиздөө келишиминин көчүрмөсү;

– аба кемесин жана/же аба кемелерин ижарага алуу жөнүндө Келишимдин көчүрмөсү;

– аба кемесин сатып алуу-сатуу жөнүндө Келишимдин же аба кемесинин ижара берүүчүсүнө таандык экенин тастыктаган сатып алуу сатуу актысынын (Bill of sale) көчүрмөсү;

– Аба кемесинин камсыздандыруу тастыктамасынын көчүрмөсү;

– үчүнчү жактар алдында жарандык-укуктук жоопкерчилик боюнча камсыздандыруу тастыктамасынын көчүрмөсү;

– коммерциялык жана коммерциялык эмес жүргүнчүлөр алдында жарандык-укуктук жоопкерчилик боюнча камсыздандыруу тастыктамасынын көчүрмөсү;

– жүк, багаж жана почта үчүн камсыздандыруу тастыктамасынын көчүрмөсү.

Көрсөтүлгөн документтерди берүү Жарандык авиация органына аларды баалоону ишке ашырууга мүмкүндүк берет, бирок мындай баалоо алдын ала жана маалыматтык мүнөзгө ээ жана тастыктамалоо процессин андан ары улантуу мүмкүнчүлүгүн аныктоо үчүн гана колдонулат.

Тастыктамалоонун экинчи этабы башталганга чейин пайдалануучу жогоруда көрсөтүлгөн документтердин жаңыртылган жана акыркы варианттарын (версияларын) сунуштоого милдеттүү. Бул документтер тапшырылган учурга карата актуалдуу болууга жана тастыктамалоо процессин улантуу үчүн коюлган бардык талаптарга ылайык келүүгө тийиш.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин 2023-жылдын 16-февралындагы № 130/б буйругу менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын аба кемесинин эксплуатантынын тастыктамасын берүү боюнча колдонмонун» 5-тиркемесине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 5-тиркеме төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Тастыктамалоонун биринчи этабында арыз ээси/эксплуатант финансы-экономикалык абалына тиешелүү болгон алдын ала документтерди сунуштайт.

Төмөндө көрсөтүлгөн документтерди сунуштоо Жарандык авиация органына аларга алгачкы баа берүүнү жүргүзүүгө мүмкүндүк берет; ал баа берүү өзгөчө маалыматтык мүнөзгө ээ жана тастыктамалоо процессин андан ары улантуу мүмкүнчүлүгүн аныктоо үчүн гана колдонулат.

Эксплуатанттын тастыктамасын алууга же арыз ээсинин/эксплуатанттын финансы-экономикалык абалынын актуалдуулугун тастыктоого зарыл болгон документтердин тизмеси.

1) Каржылык отчеттуулук:
- Ф.1 Бухгалтердик баланс;
- Ф.2 Пайда жана чыгымдар тууралуу отчет;
- Ф.3 Акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчет;
- Ф.4 Капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчет;

2) Жылдык бухгалтердик отчеттуулукка түшүндүрмө жазма;

3) Текшерилүүчү мезгил үчүн Салык кызматы жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн актылары;

4) Каржылык абалдын жана төлөм жөндөмдүүлүгүнүн экономикалык көрсөткүчтөрүнө талдоо;

5) Кредитордук жана дебитордук карыздардын деталдуу маалыматтары (расшифровкасы);

6) Көз карандысыз аудитордук компаниянын корутундусу;

7) Эгерде аба кемесинин эксплуатациялоочу тастыктамасын алгачкы жолу алуу каралса, анда арыз ээси төмөнкүлөрдү камтыган бизнес-планды иштеп чыгат:

- 24 айдын ичинде пландаштырылган учуу программасын аткаруу мүмкүнчүлүгүн жана жүзөгө ашырылып жаткан ишмердүүлүктөн алынган

кандайдыр бир кирешени колдонбостон, ишмердүүлүк башталгандан кийин үч айдын ичинде өзүнүн бизнес-планына ылайык ишмердүүлүктүн жүрүшүндө контракталган (макулдашып сүйлөшүлгөн) жана реалдуу божомолдордун негизинде аныкталган туруктуу жана жумушчу чыгымдарды жабуу жөндөмдүүлүгүн негиздөө;

- Эксплуатацияланууучу ар бир учак боюнча күйүүчү майга кетүүчү болжолдуу кирешелер жана чыгашалар, тарифтер, эмгек акы, техникалык тейлөө, амортизация, валюта курсуна байланышкан термелүүлөр, аэропорттук тарифтер, аэронавигациялык тарифтер, жердеги тейлөөгө кеткен чыгымдар, камсыздандыруу ж.б. боюнча маалыматтар;
- Арыз ээсинин ишинин биринчи толук жылы үчүн ташуулардын жалпы көлөмүнүн жана алынган кирешелердин болжолдоолору, анын ичинде болжолдуу эсептөөнүн негизине алынган негиздөөчү маалыматтар.;
- каржылоонун учурдагы жана күтүлгөн булактары боюнча деталдуу маалыматтар;
- аба кемелерин сатып алуу/ижарага алуу тартиби боюнча деталдуу маалыматтар, анын ичинде ижара болсо, келишимдин мөөнөтү жана шарттары


Бул документтерге акыркы баалоо тастыктамалоонун үчүнчү этабында жүргүзүлөт.


Тастыктамалоонун үчүнчү этабы башталганга чейин пайдалануучу жогоруда көрсөтүлгөн документтердин жаңыртылган жана акыркы варианттарын (версияларын) сунуштоого милдеттүү. Бул документтер тапшырылган учурга карата актуалдуу болууга жана тастыктамалоо процессин улантуу үчүн коюлган бардык талаптарга ылайык келүүгө тийиш. ».


5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин 2023-жылдын 16-февралындагы № 130/б буйругу менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын аба транспортунун эксплуатантынын тастыктамасын берүү боюнча колдонмонун» төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:


1) 11-тиркеме төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:


## Алгачкы сертификация схемасы






II Этап
Тиркелген документтер менен бирге
расмий арызды тапшыруу.
Тапшырылган документтердин
толуктугун жана белгиленген
талаптарга ылайык келишин сандык
баалоо.
Сандык баалоонун
жыйынтыктары оң
болду.
Жок
Ооба
Жарандык авиация органы
(ЖАО) негизделген баш
тартуу же талап кылынган
оңдоолор менен кайра
тапшыруу боюнча сунуш
берет.
II этаптын аякташы Жарандык
авиация органынын (ЖАО)
отчеттору жана кеземел
барактары менен тастыкталат.
Комиссиянын оң корутундусу
отчеттордо, протоколдордо, кеземел
барактарында жана арыз берүүчүнүн
тастыктоосунда чагылдырылат.


III Этап
Авиациялык мыйзамдардын талаптарына жооп бербеген же кооптуу жол-жоболорду камтыган документтер арыз берүүчүгө түшүндүрмөлөрү менен кайтарылат.
Документтерди баалоо
Тапшырылган колдонмолорду жана процедураларды текшерүү.
Постхолдерлерге (жооптуу кызмат адамдарга) тапшырылган документтерди текшерүү.
Колдонмолор колдонулуучу авиациялык стандарттарга жооп береби?
Пост-холдерлердин документтери белгиленген талаптарга жооп береби?
3
Жок
Жок
3
Ооба
Ооба
1
1
2


1
1
2
Көрсөтмөлөр бекитилет/кагаз түрүндө макулдашылат жана Жарандык авиация органынын (ЖАО) ыйгарым укуктуу кызматкерлери тарабынан кол коюлуп, электрондук түрдө сакталат.
Өтүнмө ээсинин башкаруучу персоналынын ичинен жооптуу жетекчини (башкы директорду) жана кызмат адамдарын бекитүү үчүн интервьюларды/тестирлөөлөрдү өткөрүү
Жооптуу жетекчини бекитүүгө уруксат берүүгө болобу?
3
Жок
ОГА уведомляет заявителя о переходе к этапу IV.
Информационное письмо заявителю.
Ооба


IV Этап
Арыз жана коштоочу документтер тапшырылды, I жана II этаптар ийгиликтүү аяктады.
III этап ийгиликтүү аяктадыбы?
Жок
Ооба
Арыз ээсине текшерүүлөрдүн (аудиттердин) анын кеңселеринде жана өндүрүштүк базаларында баштала турган күнү тууралуу маалымат бериңиз.
Аудиттерди/текшерүүлөрдү жана иштин демонстрацияларын өткөрүү
Аудиттин/текшерүүнүн жыйынтыктарын билдирүү жана операциялык аракеттерди көрсөтүү
1
2
1


3
1
2
Ооба
Кандайдыр бир карама-каршылыктар аныкталдыбы?
Жок
ЖАО оператордон оңдоо иш-аракеттеринин планын көрсөтүүнү суранат.
Аудиттин/текшерүүнүн жыйынтыктарын билдирүү жана операциялык иш-аракеттерди көрсөтүү.
Дал келбестиктер чечилдиби?
Ооба
Жок
V этап башталды.




6. Кыргыз Республикасынын аба кемесинин эксплуатанттары «Кыргыз Республикасынын аба кемесинин эксплуатантынын тастыктамасын берүү боюнча колдонмого» киргизилген өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду аткарууга алсын жана ошондой эле өздөрүнүн жетекчи документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизсин.

7. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө директордун орун басары К.Т. Төлөгөновгө жүктөлсүн.

8. Бул буйрук мамлекеттик жана расмий тилдерде «Эркин Тоо» газетасына жарыялансын.

9. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

---

**«О внесении изменений в «Руководство по выдаче сертификата эксплуатанта воздушного судна Кыргызской Республики»**

В соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года

№ 115, в целях обеспечения потребностей населения Кыргызской Республики в безопасных воздушных перевозках, внедрения международных принципов и стандартов в области гражданской авиации, а также во исполнение Указа Президента Кыргызской Республики от 4 ноября 2024 года № 315 по укреплению национальной авиационной системы, повышению ее прозрачности, надежности и соответствия международным требованиям, с учетом изменений, внесенных приказом Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики от 14 ноября 2025 года № 8, **приказываю:**

1. Внести в «Руководство по выдаче сертификата эксплуатанта воздушного транспорта Кыргызской Республики», утвержденного приказом Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики от 16 февраля 2023 г. № 130/б, следующие изменения:

1) Раздел “Введение” изложить в следующей редакции:

«Настоящее Руководство по выдаче сертификата эксплуатанта воздушного судна Кыргызской Республики – (далее Руководство) разработано в соответствии с требованиями Авиационных правил Кыргызской Республики (АПКР) и международными стандартами Международной организации гражданской авиации (ИКАО).

Цель данного Руководства – установить единообразный порядок выдачи сертификата эксплуатанта воздушных судов (СЭ) и соответствующих эксплуатационных спецификаций. Руководство обеспечивает ясные и последовательные указания для инспекторов Органа гражданской авиации (ОГА), заявитель/эксплуатант воздушных судов, а также других заинтересованных сторон по подготовке и предоставлению необходимой документации, выполнению процедур оценки соответствия и выполнению эксплуатационных требований.

Применение настоящего Руководства направлено на повышение уровня безопасности полётов, обеспечение соответствия эксплуатантов требованиям национального законодательства и международных авиационных стандартов, а также на создание условий для эффективного взаимодействия между заявителем/эксплуатантом и Органом гражданской авиации Кыргызской Республики.

Все процедуры, изложенные в настоящем Руководстве, являются обязательными для применения инспекторами ОГА при проведении сертификационных мероприятий и подлежат использованию заявителем/эксплуатантом в качестве основного руководства при подготовке к сертификации и последующей эксплуатации воздушных судов на территории Кыргызской Республики и за ее пределами.

2) Дополнить пункт 1 главы 1 абзацами следующего содержания:

- «должностная позиция» - это должностная штатная единица из числа управленческого (руководящего) персонала заявителя/эксплуатанта

ответственного за обеспечения безопасности полетов;

- «куратор» - уполномоченный инспектор ОГА, назначенный для координации взаимодействия с заявителем/эксплуатанта и сопровождения процессов её сертификации в соответствии с требованиями авиационного законодательства;

- «Орган гражданской авиации» - Государственное агентство гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики;

- «заявитель/эксплуатант» лицо, организация или предприятие, подающее заявление и претендующее на получение сертификата эксплуатанта;

3) в пункте 4 слова «эксплуатационные характеристики» заменить словами «эксплуатационные спецификации»;

4) в пункте 9 после слов «официальной заявки на» дополнить словами «получение сертификата эксплуатанта»;

5) пункт 12 изложить в следующей редакции:

«12. Предварительное заявление включает общие сведения о правовом статусе и финансово-экономическом положении заявителя, представляемые для ознакомления, их детальная оценка осуществляется на III этапе сертификации.»;

6) в пункте 13 слово «проверку» заменить словами «предварительную оценку»;

7) пункт 17 изложить в следующей редакции:

«17. После проведенных встреч и совещаний представители из соответствующих структурных подразделений ОГА рекомендует:

- провести необходимые мероприятия по подготовке к сертификации и назначают дату следующего предварительного совещания, принимая во внимание сроки, указанные в п. 88-91 настоящего Руководства, либо предложить заявителю изменить намерения и/или подать предварительное заявление на сертификацию заново, в случае если представители из соответствующих структурных подразделений ОГА или заявитель/эксплуатант считают, что заявитель не готов к процедуре сертификации.

- подготовить официальное заявление с требуемым перечнем основной документации и направить в ОГА, в случае если представители из соответствующих структурных подразделений ОГА по сертификации установят, что информация, содержащаяся в предварительном заявлении, является удовлетворительной и заявитель/эксплуатанта имеет четкое представление о процессе сертификации и сертификационных требованиях.»;

8) пункт 18 изложить в следующей редакции:

«18. Положительное заключение, представленное в виде отчетов от представителей из соответствующих структурных подразделений ОГА, протокол/ы совещания, с заявителем/эксплуатантом, контрольные карты проведения предварительных совещаний, приемлемая оценка документов, заполненная контрольная карта проверки мероприятий по I-

информационному этапу, а также письмо заявителя/эксплуатанта о понимании всех требований воздушного законодательства Кыргызской Республики и процедур сертификации, является основанием для перехода на II этап сертификации.»;

9) В пункте 21 перед словами «6 настоящего Руководства» дополнить цифрой «4,»;

10) пункт 27 изложить в следующей редакции:

«27. На III этапе сертификации ОГА осуществляет согласование должностных лиц из числа управленческого персонала заявителя/эксплуатанта в соответствии с «Инструкцией по согласованию штатных должностных лиц из числа управленческого персонала заявителя/эксплуатанта» SCAA-OPS-GM-49. На этом же этапе ОГА проводит оценку правового и финансово-экономического статуса заявителя/эксплуатанта для подтверждения его способности обеспечивать безопасную эксплуатацию воздушных судов, выполнение заявляемых маршрутов, устойчивость деятельности, наличие квалифицированного персонала и уровень обслуживания, отвечающий общественным интересам. Оценка проводится на основании документов, предусмотренных приложениями 4 и 5 настоящего Руководства. Кроме того, ОГА выполняет комплексную экспертизу основной и необходимой документации заявителя, подтверждающей его готовность к получению сертификата эксплуатанта, и по результатам данной экспертизы информирует заявителя/эксплуатанта о соответствии представленных материалов требованиям воздушного законодательства Кыргызской Республики и настоящего Руководства.»;

11) в пункте 30 слово "специалистами" заменить на слово "инспекторами";

12) в пункте 36 после 9 подпункта дополнить пунктом $9^1$ следующего содержания:

«$9^1$. Опасные грузы:

- «Инструкция по процедурам сертификации в области опасных грузов» SCAA-OPS-GM-46;

- «Инструкция по процедурам надзора в области опасных грузов» SCAA-OPS-GM-43»;

13) пункт 37 изложить в следующей редакции:

«37. Инспекционная проверка на данном этапе проводится по согласованному с заявителем расписанием проведения IV этапа сертификации, где проверяются как минимум нижеследующие аспекты деятельности заявителя:

– Организация работы и администрирование;

– Организация летной работы (производство полетов);

– Поддержание летной годности;

– Техническое обслуживание воздушных судов (в случае предполагается иметь собственную организацию ТО);

– Наземное обслуживание воздушных судов;

– Эксплуатационный контроль;

– Профессиональная подготовка авиационного персонала;

– Система управления безопасностью полетов и системы обеспечения качества;

– Перевозка опасных грузов;

– Авиационная безопасность;

– Перронные проверки воздушных судов в аспекте летной эксплуатации, летной годности и авиационной безопасности;

– Демонстрационные полеты; (проведение одного или нескольких демонстрационных полетов, выполняются согласно утвержденным стандартным процедурам на примере коммерческих полетов).

14) в пункте $50^2$ слово «оформленные» заменить словами «которые были оформлены»;

15) в пункте 62 слова "реализации системы управления качеством" заменить словами «реализации системы управления безопасностью полетов»;

16) в пункте 64 слово «оформленные» заменить словами «которые были оформлены»;

17) в пункте 71 слово «предварительного» заменить словом «официального»;

18) в пункте 74 после слова «заявителем» дополнить словом «эксплуатантом»;

2. Внести в Приложение 2 «Руководства по выдаче сертификата эксплуатанта воздушного судна Кыргызской Республики», утвержденного приказом Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики от 16 февраля 2023 г. № 130/б, следующие изменения:

1) в пункте 48 приложения 2 заменить слово «РОНО» на слова «РПП или иное руководство»;

2) в пункте 51 приложения 2 заменить слово «РОНО» на слова «РПП или иное руководство»;

3) в пункте 52 приложения 2 заменить слово «РОНО» на слова «РПП или иное руководство»;

4) в пункте 64 приложения 2 после слов «осуществление контроля и наблюдения за производством полетов (сотрудники по обеспечению полетов)» дополнить следующим абзацем:

«Назначенные должностные лица должны иметь:

1) практический опыт и компетентность в применении стандартов авиационной безопасности и безопасных методов эксплуатации;

2) всесторонние знания:

- правил безопасности полетов и всех связанных требований и процедур государства;

- эксплуатационных спецификаций эксплуатанта;

- необходимости и содержания соответствующих разделов

Руководства по производству полётов эксплуатанта;

3) знание принципов функционирования системы управления, предпочтительно в области авиации;

4) соответствующий управленческий опыт, желательно в аналогичной организации;

5) не менее 5 лет соответствующего профессионального опыта, из которых как минимум 1 год — в авиационной отрасли на соответствующей должности».

5) пункт 66 приложения 2 слова «руководящая должность» заменить словами «ответственный руководитель»;

6) пункт 67 приложения 2 изложить в следующей редакции:

«67. Руководитель по летной эксплуатации ВС

– высшее или специальное авиационное образование в области эксплуатации воздушного судна;

– наличие действующего свидетельства линейного пилота гражданской авиации Кыргызской Республики с допуском на тип воздушного судна эксплуатанта, либо выданная ранее квалификационная отметка на тип воздушного судна эксплуатанта;

Если свидетельство и квалификационные отметки назначенного лица в настоящий момент недействительны, его/её заместитель должен иметь действующее свидетельство пилота с допуском на тип воздушного судна эксплуатанта и соответствующие квалификационные отметки.

– стаж работы в качестве командира воздушного судна (КВС) в гражданской авиации не менее 5 лет;

– опыт командно-руководящей или инструкторской работы предпочтительно;

– успешное прохождение собеседования, проводимого ОГА, на знание воздушного законодательства и руководящих документов в области гражданской авиации Кыргызской Республики;

– возраст не менее 25 лет;

– наличие гражданства Кыргызской Республики является преимуществом»;

7) пункт 68 приложения 2 изложить в следующей редакции:

«68. Руководитель по технической эксплуатации ВС

– высшее техническое образование по одной из специальностей:

– техническая эксплуатация, либо конструирование летательных аппаратов и авиадвигателей;

– техническая эксплуатация, либо конструирование авиационных приборов и электрооборудования летательных аппаратов, пилотажно-навигационных комплексов, бортового радиоэлектронного оборудования воздушных судов, или;

– среднее-специальное техническое образование (авиатехническое училище ГА или ВВС) с последующим получением высшего образования в других технических ВУЗах;

– наличие действующего свидетельства инженера гражданской авиации с допуском на тип воздушного судна эксплуатанта;

– практический опыт технической эксплуатации воздушных судов и поддержания летной годности не менее 5 лет;

– всесторонние знания АПКР-8 и руководящих документов ОГА и другие документы в области поддержания лётной годности ВС;

– успешное прохождение собеседования, проводимого ОГА, на всесторонние знания системы, методов ТО эксплуатируемых типов воздушных судов/компонентов и агрегатов ВС и опыт разработки программ технического обслуживания по типам ВС;

– возраст не менее 23 лет;

– наличие гражданства Кыргызской Республики является преимуществом»;

8) пункт 69 приложения 2 после абзаца «наличие опыта работы в качестве члена летного состава, диспетчера УВД или инженера является преимуществом» дополнить абзацем следующего содержания:

«- стаж работы по системе управления безопасностью полетов не менее 1 года или прохождение стажировки по СУБП не менее 6 месяцев;»;

9) пункт 70 приложения 2 изложить в следующей редакции:

«70. Менеджер по системе обеспечения качества

– высшее/среднее-специальное авиационное образование или высшее/среднее-специальное образование любого профиля при наличии опыта работы в сфере гражданской не менее 5 лет;

– наличие действующих сертификатов о прохождении курсов по системе управления качеством, методике проведения аудитов и выявление первопричин;

– стаж работы по системе обеспечения качества не менее 1 года или прохождение стажировки по СМК не менее 6 месяцев;

– успешное прохождение собеседования, проводимого ОГА, на всестороннее знание руководящих документов Кыргызской Республики и в области управления качеством;

– возраст не менее 21 года;

– наличие гражданства Кыргызской Республики.»;

10) пункт 71 приложения 2 после абзаца «- среднеспециальное авиационное образование в области эксплуатации воздушного транспорта или среднеспециальное образование любого профиля при наличии опыта работы в сфере гражданской авиации не менее 5 лет» дополнить абзацами следующего содержания:

«- наличие действующего свидетельства линейного пилота гражданской авиации Кыргызской Республики;

- наличие действующей отметки инструктора по типу воздушного судна эксплуатанта;

Если назначенное лицо не является действующим инструктором по типу ВС эксплуатанта, его/её заместитель должен быть действующим инструктором по типу воздушного судна эксплуатанта;

- обладать глубокими знаниями концепции подготовки летного персонала эксплуатанта;»;

3. Внести в Приложение 4 «Руководства по выдаче сертификата эксплуатанта воздушного судна Кыргызской Республики», утвержденного приказом Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики от 16 февраля 2023 г. № 130/б, следующие изменения:

1) приложение 4 изложить в следующей редакции:

«1. При получении сертификата эксплуатанта

Оценка правового статуса заявителя проводится на основании заявления и предоставленных им документов в ОГА. При проведении оценки правового статуса необходимо проверить достоверность регистрации в качестве юридического лица в единой базе юридических на сайте Министерства Юстиции Кыргызской Республики. Все документы заявителя должны соответствовать законодательству Кыргызской Республики и на рассмотрение органа гражданской авиации предоставляются копии документов пронумерованные и прошнурованные в надлежаще заверенном виде за подписью генерального директора организации или его заменяющего лица согласно уставным документам.

2. На первом этапе сертификации заявитель/эксплуатант предоставляет предварительные документы для начала процесса сертификации:

- копия Решения о создании юридического лица и назначении генерального директора;
- копия паспорта учредителя или учредителей юридического лица;
- копия паспорта генерального директора;
- копия Свидетельства о государственной регистрации (перерегистрации); юридического лица с присвоенным ИНН и ОКПО;
- копия Устава юридического лица;
- копия Учредительного договора юридического лица.
- копия Договора аренды воздушного судна и/или воздушных судов;
- копия Договора купли-продажи воздушного судна или копию купчия (Bill of sale), что подтверждает о принадлежности воздушного судна арендодателю.
- копия сертификата о страховании Воздушного судна;

– копия сертификата страхования гражданско-правовой ответственности перед третьими лицами;

– копия сертификата страхования гражданско-правовой ответственности перед коммерческими и некоммерческими пассажирами;

– копия сертификата о страховании груза, багажа, почты.

Предоставление указанных документов позволяет ОГА выполнить их оценку, однако такая оценка носит предварительный и информационный характер и используется исключительно для определения возможности дальнейшего продолжения процесса сертификации.

К началу второго этапа сертификации эксплуатант обязан предоставить обновленные и окончательные версии вышеуказанных документов. Эти документы должны быть актуальны на момент подачи и соответствовать всем требованиям, предъявляемым для продолжения процесса сертификации.

4. Внести в Приложение 5 «Руководства по выдаче сертификата эксплуатанта воздушного судна Кыргызской Республики», утвержденного приказом Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики от 16 февраля 2023 г. № 130/б, следующие изменения:

1) приложения 5 изложить в следующей редакции:

«На первом этапе сертификации заявитель/эксплуатант предоставляет предварительные документы, которые касаются финансово-экономического состояния заявителя/эксплуатанта.

Предоставление нижеуказанных документов позволяет ОГА провести их первичную оценку, которая носит исключительно информационный характер и используется только для определения возможности дальнейшего продолжения процесса сертификации.

Перечень необходимой документации для получения сертификата эксплуатанта/подтверждения актуальности финансово-экономического состояния заявителя/эксплуатанта.

1) Финансовая отчетность:

- Ф.1 Бухгалтерский баланс;
- Ф.2 Отчёт о прибылях и убытках;
- Ф.3 Отчёт о движении денежных средств;
- Ф.4 Отчёт об изменениях капитала;

2) Пояснительная записка к годовой бухгалтерской отчётности;

3) Акты сверок с ГНИ и Социальным фондом за проверяемый период;

4) Анализ экономических показателей финансового состояния и платежеспособности;

5) Расшифровка по кредиторской и дебиторской задолженности;

6) Заключение независимой аудиторской компании;

7) В случае первоначального получения сертификата

эксплуатанта ВС заявитель разрабатывает бизнес-план, содержащий:

- обоснование возможности выполнения планируемой программы полетов в течение 24 месяцев и способности покрыть в течение трех месяцев после начала деятельности фиксированные и рабочие затраты, законтрактованные в ходе деятельности в соответствии со своим бизнес-планом и определенные на основе реалистичных предположений, без использования какого-либо дохода от осуществляемой деятельности;
- прогнозируемые доходы и расходы на топливо, тарифы, заработную плату, техническое обслуживание, амортизацию, колебания обменного курса, аэропортовые тарифы, аэронавигационные тарифы, затраты на наземное обслуживание, страхование и т.д. на каждое воздушное судно, которое будет эксплуатироваться;
- прогнозы общего объема перевозок и доходов, полученных за первый полный год работы заявителя, в том числе подкрепляющие данные, положенные в основу расчета прогноза;
- подробности о существующих и прогнозируемых источниках финансирования;
- подробности о том, как будут финансироваться закупка/аренда воздушных судов, в том числе в случае аренды, сроки и условия договора.


Окончательная оценка этих документов будет проведена на третьем этапе сертификации.


К началу третьего этапа сертификации эксплуатант обязан предоставить обновленные и окончательные версии вышеуказанных документов. Эти документы должны быть актуальны на момент подачи и соответствовать всем требованиям, предъявляемым для продолжения процесса сертификации»;


5. Внести в Приложение 11 «Руководства по выдаче сертификата эксплуатанта воздушного судна Кыргызской Республики», утвержденного приказом Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики от 16 февраля 2023 г. № 130/б, следующие изменения:


1) Приложение 11 изложить в следующей редакции:


**Схема первоначальной сертификации**






Этап II
Подача официального заявления с прилагаемыми документами.
Количественная оценка представленных документов на предмет их полноты и соответствия установленным требованиям.
Положительные результаты количественной оценки
Нет
Да
ОГА направляет обоснованный отказ или рекомендацию относительно повторной подачи с необходимыми поправками.
Окончание II этапа подтверждается отчетами и контрольными листами ОГА.
Фиксируется положительное заключение, основанное на отчётах комиссии, протоколах, контрольных листах и уведомление заявителя.


Этап III
Документы, не соответствующие авиационным требованиям или содержащие небезопасные процедуры, возвращаются заявителю с подробными замечаниями.
Оценка документации
Проверка представленных руководств и процедур.
Оценка документации представленной должностным лицам из числа управленческого персонала
Соответствуют ли руководства применимым авиационным нормативам?
Соответствует ли требованиям документация, представленная ответственным лицам?
3
Не
Нет
3
Да
Да
1
2
1


1
1
2
Проведение собеседования/тестирования для утверждения ответственного руководителя (генеральный директор) и должностных лиц из числа управленческого персонала заявителя
Руководства утверждаются / согласовываются в бумажной форме и хранятся в электронном виде, подписанные уполномоченными должностными лицами ОГА.
Может ли быть выдано утверждение ответственного управляющего
Нет
3
ОГА уведомляет заявителя о переходе к этапу IV.
Информационное письмо заявителю.
Да


Этап IV
Заявление и сопроводительные документы поданы, Этапы I и II успешно завершены
Этап III успешно завершен?
Нет
Да
Проинформируйте заявителя о дате начала инспекционной проверки в офисах и на месте производственной деятельности
Проведение инспекционной проверки и демонстрационной процедуры
Информирование о результатах аудита/инспекции и демонстрационной процедуры
1
2
1


3
1
2
Да
Были ли выявлены несоответствия?
Нет
ОГА запрашивает у оператора представление плана корректирующих действий.
Информирование о результатах аудита/инспекции и демонстрационной процедуры
Да
Были ли несоответствия устранены?
Нет
Этап V инициирован.




6. Эксплуатантам воздушных судов Кыргызской Республики принять к исполнению внесенные изменения и дополнения в «Руководство по выдаче сертификата эксплуатанта воздушного судна Кыргызской Республики», а также внести соответствующие изменения в собственные руководящие документы.

7. Контроль над исполнением настоящего приказа возложить на заместителя директора Төлөгөнова К.Т.

8. Опубликовать настоящий приказ на государственном и официальном языках в газете «Эркин Тоо».

9. Настоящий приказ вступает в силу по истечении семи дней со дня его официального опубликования.

**Директор** **Д.К. Бостонов**